

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ АЯЛДАРДЫ ЖАНА БАЛДАРДЫ ЗОМБУЛУКТАН КОРГОЙТ

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК ТУУРАЛУУ БИЛДИРГИЛЕ

## Эгер Сизге карата зомбулук жасалып жатса:

1. Эч токтоосуз түрдө **102, 112, 111 телефондору боюнча** же өзүңөр ишенген адамга кабарлагыла.
2. Милиция келгиче өзүңөр **жана балдар үчүн коопсуз жай тапкыла.**
3. Башка адамдардын **көңүлүн бурдургула** (мисалы, кошуналардын дубалдарын жана эшигин такылдаткыла, терезени ачкыла жана жардамга чакыргыла, милицияга чалуусун сурангыла).

## Эгер Сиз зомбулук жасалып жатканына күбө болуп калсаңыз:




«112 Кыргызстан» мобилдик тиркемесинин башкы бетинен КРнын ӨКМнин 112 кызматына **телефон чалыңыз, сүрөткө же видеого тартыңыз тиркеп жөнөтүңүз жана билдирүү жибериңиз.**

## АЛГАЧКЫ 72 СААТТА МААНИЛҮҮ:

- Жаракаттарды жакынкы медициналык мекемеден/соттук-медициналык экспертизадан каттатып коюу.
- Зордуктоо болгон учурда ВИЧ-инфекциясынын, жыныстык жол менен жугуучу ооруларды жана кутүүсүз кош бойлуулуктун алдын алуу үчүн дарыгердин консультациясын алуу.

## ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ КЫЗМАТТАРЫ

**Сизге жардам көрсөтө тургандардын даректерин жана телефондорун эсиңерден чыгарбагыла** (жардам көрсөтүү кызматтары, жакын туугандар, достор, кошуналар)

**102** — Милиция

**112** — 112 Кызматы

**111** — Балдар үчүн ишеним телефону

# СИЛЕРГЕ ЖАРДАМГА КЕЛИШЕТ:

## Социалдык өнүктүрүү органдары

**Жабыр тарткан адамдын биринчи көйгөйлөрүн чечүүгө жардам берет:**
- медициналык жардам алууга;
- коопсуз жайга жайгаштырууга;
- психологиялык, социалдык жана укуктук жардам алууга.

**Сунуш кылышат:**
- убактылуу баш калкалоочу жай берүүгө социалдык жактан колдоо көрсөтүшөт;
- күнүмдүк-тиричиликтик жана медициналык суроолорду чечүү үчүн зарыл документтерди толтурууга, алууга жардам көрсөтүшөт;
- социалдык жактан камсыз кылууга жардам көрсөтүшөт.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар үчүн жардам көрсөтүү кызматтары тууралуу **маалымат беришет.**

Жабыр тарткан адамдын макулдугу менен 24 сааттын ичинде **милицияга** үй-бүлөлүк зомбулук фактысы тууралуу **билдиришет**.

Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды ондоп-түзөө программасынан өтүүгө жиберишет.

## Милиция

Зомбулуктун алдын алышат жана билдирүүнү катташат.

Жабыр тарткан адамга **3 күндүк мөөнөткө коргоо ордерин** беришет жана анын шарттарынын аткарылуусуна көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашырышат. Жабыр тарткан адамдын арызы боюнча коргоо ордерин 30 күнгө узартышат.

**Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды жоопкерчиликке тартышат.**

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар үчүн жардам көрсөтүү кызматтары тууралуу **маалымат беришет.**

Коргоо ордерин узарткан учурда **үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды** зомбулуктуу жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча ондоп-түзөө программасынан өтүүгө жиберишет.

Эгерде жабыр тарткан адамдын жашоосуна жана ден соолугуна коркунуч пайда болсо, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын жардамдашуусу астында **коопсуз жайга жайгаштырууга** жардам көрсөтүшөт.

Жабыр тарткан адамдын макулдугу менен, чара көрүү үчүн үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын иштеген жерине **үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы тууралуу маалымат жиберишет.**

## Саламаттыкты сактоо уюмдары

(ФАП, Үй-бүлөлүк медицина борборлору, ооруканалар)

**Медициналык текшерүү жүргүзүшөт.**
**Медициналык жардам көрсөтүшөт.**

Зомбулуктун **зыяндарын** сотко жана милицияга далил катары сунуштала турган №003-3У (Стамбул протоколу) медициналык текшерүүнүн атайын формасына **документтештиришет**.

Жабыр тарткан адамдын макулдугу менен жасалган зомбулук тууралуу **милицияга билдиришет**.

## Соттук-медициналык экспертизанын адистери

Соттук-медициналык экспертизаны жана психологиялык-психиатриялык экспертизаларды жүргүзүшөт.



## Билим берүү уюмдары

Жашы жетелек өспүрүмдөргө үй-бүлөлүк зомбулук жасалгандыгы тууралуу фактылар аныкталган учурда, аны ички иштер органдарына билдиришет.

Ата-энелерге үй-бүлөлүк зомбулукка жол берилбестиги жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чаралары тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүшөт.

## Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары

Мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө мыйзамга ылайык, социалдык жөлөк пулдарды жана зарыл документтерди алууга жардам көрсөтүшөт. Үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу ишти аксакалдар сотторунда карашат.

**Сунуш кылышат:**
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер аркылуу жардамды;
- юристтин консультациясын;
- зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга коопсуз жайды.

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга психологиялык жардамды сунуш кылышат.**
Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды психологиялык жардам алууга жиберишет.

## Кризистик борборлор

Психологиялык жардам көрсөтүшөт жана юридикалык консультация беришет. Убактылуу коопсуз жай берилет. Жардам көрсөтүү кызматтары тууралуу маалымат беришет.

| | | |
|---|---|---|
| «Шанс» КБ | Бишкек ш. | (709) 710320 |
| «Сезим» КБ | Бишкек ш. | (312) 512640 |
| «Энсан-Диамонд» КБ | Ош ш. | (772) 328960 |
| «Аруулан» КБ | Ош ш. | (776) 380777 |
| «Ак жүрөк» КБ | Ош ш. | (550) 231329 |
| «Мээрбан» КБ | Ош ш. | (773) 843461 |
| «Надежда» шелтери | Ош ш. | (773) 831915 |
| «Теңдеш» КБ | Нарын ш. | (700) 257890 |